**БЕКИТЕМ**
**Кыргыз Республикасынын**
**Саламаттык сактоо министрлигинин**
**алдындагы Дары каражаттары жана**
**медициналык буюмдар**
**департаментинин директору**
**Бекбоев К.Т.** ____________

«_6_» _сентябрь_ 2024-ж.

# ДАРЫ КАРАЖАТЫН МЕДИЦИНАДА КОЛДОНУУ БОЮНЧА НУСКАМА

## ТИВОРТИН АСПАРТАТ
## (TIVORTIN ASPARTATE)

**Соодадагы аталышы**
Тивортин Аспартат/Tivortin Aspartate

**Эл аралык патенттелбеген аталышы**
Arginine aspartate

**Дарынын түрү**
Ичип кабыл алуу үчүн эритме.

**Курамы**
1 мл эритмеде төмөнкүлөр камтылат
*Таасир берүүчү зат:* Аргинин аспартаты 200 мг;
*көмөкчү заттар:* сорбитол (Е 420), натрий сахарини (Е 954), метилпарагидроксибензоат (Е 218), пропилпарагидроксибензоат (Е 216), тамак-аш жыпар жыт бергичи «Карамель», инъекция үчүн суу.

**Сүрөттөмөсү**
Тунук бир аз опалесцирлөөчү саргыч, карамель жыттанган эритме.

**Фармадарылык тобу**
Жүрөк-кан тамыр системасынын ооруларын дарылоо үчүн препараттар. Жүрөк ооруларын дарылоо үчүн препараттар. Жүрөк ооруларын дарылоо үчүн башка препараттар.
**АТХ коду:** С01Е.

**Фармакологиялык касиеттери**
*Фармакодинамикасы*

Тивортин Аспартат антигипоксиялык, цитопротектордук, антиоксиданттык, дезинтоксикациялык, мембрананы туруктуулаштыруучу таасир берет. Аммиакты нейтралдаштыруу жана аны организмден чыгарууну күчөтүү процесстеринде маанилүү ролду ойнойт, боордун дезинтоксикациялык функциясын күчөтөт. Гепатопротектордук таасир берет, гепатоциттерде энергияны камсыз кылуу процесстерине оң таасир берет.

Азот оксидинин донатору катары Тивортин Аспартат организмди энергия менен камсыз кылуу процесстерине катышат, атеросклероздук бүртүктөрдүн пайда болуусун жана өрчүүсүн алдын алып, тамырлардын эндотелийине лейкоциттердин жана тромбоциттердин активдешүүсүн жана адгезиясын басаңдатат, фибриногенолиз, сперматогенез процесстерине катышат. Препарат орточо анаболизмдик таасир берет, богок безинин ишин күчөтөт, инсулиндин синтезине көмөктөшөт жана физикалык жактан күч келген учурда канда глюкозанын камтылуусун жөнгө салат, кычкыл-шакар тең салмактуулугун оңдоп-түзөөгө көмөктөшөт.

*Фармакокинетикасы*

Изилденген эмес.

**Колдонууга көрсөтмөлөр**

Мээ жана жүрөк тамырларынын атеросклерозун, артериялык гипертензияны, перифериялык тамырлардын атеросклерозун; өнөкөт жүрөк жетишсиздигин; гиперхолестеринемияны; өпкөнүн өнөкөт кептелме ооруларын, өпкө гипертензиясын; астениялык абалдарды комплекстүү дарылоодо колдонулат.

**Колдонуу жолу жана дозалары**

Тамактануу учурунда ичип кабыл алынат. Чоңдорго мээ жана жүрөк тамырларынын атеросклерозунда, перифериялык тамырлардын атеросклерозунда – 5 мл дан (1 ченем кашыгы – 1 г препарат) суткасына 3–8 жолу. Гиперхолестеринемияда, артериялык гипертензияда – 5 мл суткасына 3–6 жолу. Өпкөнүн өнөкөт кептелме ооруларында, өпкө гипертензиясында – 5 мл суткасына 3–6 жолу. Астениялык абалдарда – 5 мл дан суткасына 4–8 жолу. Эң жогорку суткалык доза – 8 г. Дарылоо курсунун созулуу убактысы – 8–15 күн; зарыл болгон учурда дарылоо курсун кайталашат.

*Балдар*

18 жашка чейинки бейтаптарга колдонулбайт.

**Каршы көрсөтмөлөр**

- препаратка жана анын курамдык бөлүктөрүнө жогорку сезгичтик
- бөйрөк функциясынын оор бузуулары
- миокарда инфаркты (ошондой эле оору таржымалында)
- балалык жана 18 жашка чейинки өспүрүм курак
- фруктозаны тукум кууган көтөрө албастык

**Кыйыр реакциялар**

*Сөөк-булчуң системасы тарабынан:* муундардагы оору.

*Тамак-сиңирүү жолу тарабынан:* сейрек – ашказанда жана ичегиде бир аз ыңгайсыздык сезими, түздөн-түз препаратты колдонуудан кийин пайда болгон жана өз алдынча кете турган көңүл айнуу.
*Иммундук система тарабынан:* жогорку сезгичтик реакциялары, анын ичинде колко кысылуусу.
*Лабораториялык көрсөткүчтөр:* гиперкалиемия.

**Шектүү жагымсыз реакциялар жөнүндө маалымат**
Шектелген жагымсыз реакциялар тууралуу дары препаратынын «пайда-кооптуулук» балансына үзгүлтүксүз мониторинг жүргүзүү, дары каражатын каттоодон өткөндөн кийин кабарлоо маанилүү. Медицина кызматкерлери Кыргыз Республикасынын Жагымсыз реакциялары жөнүндө улуттук маалымат системасы аркылуу ар кандай шектүү жагымсыз реакциялар жөнүндө билдирүүгө чакырат:
Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин алдындагы Дары каражаттары жана медициналык буюмдар департаменти
http://www.pharm.kg
Мындан сырткары маалыматты электрондук дарек аркылуу жөнөтүүгө болот asia.kppv@uf.ua же төмөнкү телефон аркылуу кайрылса болот: +996 550 740402.

**Ашыкча доза**
*Симптомдору:* жогорку сезимталдуулук реакциялары, гипогликемиялык абалдар.
*Дарылоо:* көрсөтүлгөн көрүнүштөр бар болсо, препаратты кабыл алууну токтотуу керек. Ашказанды тазалоо, сорбенттерди кабыл алуу көрсөтүлгөн. Антидоту жок. Симптоматикалык терапия.

**Өзгөчө көрсөтмөлөр**
Электролиттердин алмашуусунун бузулуусунда, бөйрөк ооруларында этияттык менен колдонуу керек. Препаратты колдонууда уйкунун жана эс алуунун тартибин тең салмактуу кармануу, алкоголдон, никотинден жана психостимуляторлордон баш тартуу керек. Эгер препаратты кабыл алуунун фонунда астениянын симптомдору өрчүсө – дарылоону токтотуу керек.
Препарат стенокардиясы бар бейтаптарга этияттык менен колдонулат.
Фруктозаны тукум-куучулук көтөрө албастыгы бар бейтаптарга препаратты кабыл алууга болбойт.
Дары каражатында сорбитол камтылат (Е 420) – эгер Сизде кээ бир канттарды көтөрө албастык белгиленсе, бул препаратты кабыл алуудан мурда дарыгер менен кеңешиңиз.
Дары каражатында метилпарагидроксибензоат (Е 218) жана пропилпарагидроксибензоат (Е 216) сыяктуу көмөкчү заттар камтылган, алар аллергиялык реакцияларды козгошу мүмкүн (балким жай түрдө болот).
Бул препаратта 0,02 ммолдон азыраак (0,45 мг)/доза (5 мл) натрий камтылат, башкача айтканда дээрлик натрийден бош.

***Кош бойлуулук же бала эмизүү мезгилинде колдонуу***

Препарат баланын тону аркылуу өтөт, ошондуктан кош бойлуу учурунда аны эне үчүн күтүлгөн пайда түйүлдүк үчүн потенциалдык коркунучтан жогору болгон учурда гана колдонууга мүмкүн болот.

Препаратты бала эмизүү мезгилинде колдонуу боюнча маалыматтар жок.

***Автоунааны же башка механизмдерди башкарууда реакциянын ылдамдыгына таасир берүү жөндөмдүүлүгү***

Таасир бербейт.

**Башка дары каражаттары менен өз ара таасири жана өз ара таасирлердин башка түрлөрү**

Аминофиллинди аргинин менен чогу колдонуу канда инсулиндин камтылуусунун жогорулоосу; спиронолактонду аргинин менен чогу колдонууда – канда калийдин деңгээлинин жогорулоосу менен коштолушу мүмкүн, аргинин аспартатты колдонууда бул нерсени эске алуу керек.

Аргинин тиопентал менен дал келбейт.

**Дал келбестиги**

Аргинин тиопентал менен дал келбейт.

**Жарактуулук мөөнөтү**

2 жыл.

Флаконду ачканндан кийин жарактуулук мөөнөтү – 14 күн.

**Сактоо шарттары**

Жарыктан корголгон жерде, 25 °С дан жогору эмес аба табында сактоо керек.

Тоңдурууга болбойт. Балдар жетпеген жерде сактоо керек.

**Таңгагы**

100 мл же 200 мл дан полимердик флакондо; 1 ден флакон өлчөй турган кашыгы менен кошо картон кутучада.

**Берүү шарты**

Рецепти жок.

**Өндүрүүчү**

«Юрия-Фарм» ЖЧК.

**Өндүрүүчүнүн жайгашкан жери**

Украина, 18030, Черкассы обл., Черкассы ш., Кобзарь көч. 108. Тел.: +38 (044) 281-01-01.